3. **Билим берүү:**

Ысык-Ата айыл аймагындагы Тогуз-Булак айылында А.Мурзалиев орто мектебинин 2 кабаттуу жаны имаратынын курулушу улануудa.. Азыркы учурда окуу корпусу ,спорт залынын курулушу аяктап, ички жасалга, тышкы көрктөндүрүү жумуштары калды.2023-жылдын 1-сентябрына ачылышы күтүлүүдө.

Үч-Эмчек айылындагы Жакишев орто мектебинин спорт залын курууга Чүй облустук капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан конкурс жарыяланып ,имаратты курууга ОсОО "КББ" курулуш компаниясы женип алган.Курулуш иштери 2023-жылдын экинчи жарымында башталат.

4. **Социалдык тармак**:

Ысык-Ата айыл аймагындагы 426 пенсионер, 45 баатыр эне ,120 баардык категориядагы майыптар бар. Элдин аярлуу катмары болгон мүмкүнчүлүгү чектелген жана аз камсыз үй-бүлөөлөргө жана анын балдарына, жетим –жесирлерге, турмушу оор абалда жашаган үй-бүлөөлөргө, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды колдоо максатында, аз камсыз болгон үй-бүлөөлөргө 2022-2023 жылдын күз-кыш мезгилине даярдануууга, Маданият жана искусство кызматкерлеринин кесиптик майрамына карата жергиликтүү бюджеттен жалпы суммасы 235,0 мин сом акча каражаты бөлүнүп берилди.

Социалдык контракт алуу боюнча Ысык-Ата айыл аймакта бул жылы аз камсыз болгон үй-бүлөөлөр бар 3 (үч )калган айыл тургундарына Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан жардам берилди: анын ичинен, Максымбаева Альфия бир бодо мал (уй) 85 000 (сексен беш миң) сомго, 15 000(он беш миң) сомго тоют-чөп алган, Джээнбек кызы Гулзакира 1 кунаажын музоосу менен (85 000)
(сексен беш миң) сомго алган, 15 000(он беш миң) сомго тоют-чөп алган, Ашубаева Марал тигүүчү машина жабдуулары менен. Бардыгы 300 000 (үч жүз мин) сомду түздү.

5. **Маданият жана спорт тармагы:**

21-март Нооруз майрамына карата демөөрчүлөрдүн жардамы менен ар бир айылда улуттук оюндары уюштурулду.

9-май Улуу Ата мекендик согуштун Жениш күнүнө карата футбол, волейбол оюндары өткөрүлүп майрамдык кече өткөрүлдү.

19-май- Энелер күнүнө карата Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетинен 57,0 мин сом акча каражаты бөлүнүп берилди.

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетинен Афган согушунун ардагерлер күнүнө-27000 сом, Апрель революциясынын баатырларына-6000 сом, Чернобыл кырсыгынын катышуучуларына-2000 сом , 9-май Улуу Ата Мекендик согушунун Жениш күнүнө карата -15000 сом, Энелер